**№10А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2019-2020-окуу жылында математика, физика ,информатика мугалимдеринин так илимдер усулдук бирикмесинии окуу- тарбия процессесинде жүргүзүлгөн иштерине анализ**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебиндеги так илимдер усулдук бирикмесине алгебра, геометрия, физика, информатика мугалимдери кирет.

Бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында окутуунун эффективдүүлүгүн жогорлатуу менен окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсү жана дүйнө таануусун өстүрүүнүн негизинде окуу тарбия иштеринин сапатын жогорлатуунун негизинде иш алып барышты.

Жаңы окуужылына карата негизги милдеттер талкууланып, окуу пландагы предметтер боюнча мамлекеттик стандарттагы окуу программаларын аткаруу боюнча сунуштар талкууланды.

2019-2020-окуу жылына карата так илимдер усулдук бирикмесинин бир жылдык иш планы түзүлүп, бекиттирилген. Жаңы окуу жылындагы базистик календардык пландардын түзүлүшү жана окуу китептеринин өзгөчөлүктөрү боюнча талкуу жүргүзүлдү. Усулдук бирикменин милдеттери жана окуу жүктөмдөрү бөлүштүрүлдү. Усулдук бирикменин мугалимдери тарабынан олимпиадага даярдоо иштери жана сабакты начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча иш пландар жүргүзүлүп, иш алып барылды. Мектепте олимпиада өткөрүлүп 5-11-класстар арасында, 9-11-класстардагы боюнча жеңүүчү окуучулар менен шаардык олимпиадага даярдоо жүргүзүлдү.

Так илимдер усулдук бирикмесинин декадасы январь айынын 20сынан 30на чейин өткөрүлдү. Физика мугалими Алибаева А. математика мугалими Абдуллаева И.,Эргешова А. информатика мугалими Бечелова С. Бекназарова М. ачык сабактарды өтүштү.Иш планда түзүлгөн пландар боюнча ар бир ай сайын иш жүргүзүлдү. Аткарылган иштер боюнча ай сайын билдирүү жазылып, 2 айда бир токтом жазылды. Усулдук бирикменин мүчөлөрү менен ар бир чейректе чогулуш өтүлдү.

Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери талкууланып, канааттандырарлык деп табылды.

Усулдук бирикме жетекчиси: Эргешова А.

**№10А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебинин 2020-2021-окуу жылында математика, физика, информатика мугалимдеринин, так илимдер усулдук бирикмесинин окуу тарбия процессинде жүргүзгөн иштерине анализ**

№10 А.Осмонов атындагы жалпы билим берүүчү орто мектебиндеги так илимдер усулдук бирикмесине математика жана физика, информатика сабактарынын мугалимдери кирет.

Бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын логикалык ой жүгүртүүсүн жана дүйнө таануусун өстүрүү менен окуу тарбия иштеринин сапатын жогорулатуу деген көйгөйдүн үстүндө иштеп жатышат. Жаңы окуу жылындагы негизги милдеттер жана окуу планындагы предметтер бонча мамлекеттик стандарттагы окуу программаларын аткаруу боюнча сунуштарды талкуулашты. Так илимдер усулдук бирикмесинин бир жылдык иш планы түзүлүп, бекиттирилди.

2020-2021-окуу жылында өтүлүүчү предметтик декадалардын графиктери түзүлүп, тааныштырылды. Так илимдер усулдук бирикмесинин декадасын 10-апрелден 20-апрелге чейин өткөрүү белгиленди. Базистик окуу планы боюнча сааттар бөлүштүрүлүп, календардык пландар түзүлүп окуу бөлүмүнүн башчысы тарабынан текшерилип, мектеп директору тарабынан бекитилди. Мектеп окуучуларын предметтик олимпиадаларга катыштыруу жана даярдоо боюнча ар бир предметтик мугалим тарабынан иш план түзүлдү.

Ошондой эле начар өздөштүргөн окуучулар менен иштөө боюнча да иш план түзүлүп, график белгиленип иш алып барылды. Шаардык олимпиадага математика предмети боюнча 10-класстан Аскарбекова Элиза, 9-класстан Жанарбекова Бегимай, физика предмети боюнча 11-класстан Акылбекова Телегей, 10-класстын окуучусу Сатышова Таңсулуу, физика предмети боюнча шаардан 1- орунду ээлеп, областык олимпиадага катышып, 4-орунду багындырып келди.

Бул окуу жылында бирикменин мүчөлөрү өз билимин өркүндөтүү боюнча курстарга катышышты.

2020-2021-окуу жылына түзүлгөн иш план ай сайын аткарылып, иш планда көрсөтүлгөн пландар боюнча аткарылган иштерге билдирүү жазылып, ар бир айга токтом чыгарылып турду. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери талкууланып, канааттандырарлык деп табылды.

Усулдук бирикме жетекчиси: [signature] Эргешова А.

**2021-2022-окуу жылында так илимдер усулдук бирикмесиндеги математика, физика, информатика мугалимдеринин окуу-тарбия процессинде жүргүзүлгөн иштерине**

**А Н А Л И З**

А. Осмонов атындагы №10 жалпы орто билим берүү мектебиндеги так илимдер усулдук бирикмесине алгебра, геометрия, физика, информатика сабактарынын мугалимдери кирет. 2021-2022-жаңы окуу жылынын 15-сентябрынан бардык класстарда сабактар салттуу түрүндө башталды.

Бирикменин мүчөлөрү бул окуу жылында «Окутуунун эффективдүү ыкмаларын колдонуу менен окуучулардын дүйнө таануусуна, ой жүгүртүүсүнө жана окуу-тарбия иштеринин сапатын көтөрүү» - деген көйгөйдүн үстүндө иштешти жана иштеп жатышат.

Бирикменин мүчөлөрү окуу жылына карата базистик окуу планынын негизинде календардык пландарды түзүп, бекиттирип I чейректен баштап салтуу түрдө окуу жылын баштаншты.

Окуу жылында начар өздөштүргөн окуучулар менен жана өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иштөө пландарын түзүп иш алып барып жатышты. Ошондой эле мектеп базасында предметтик олимпиадаларды өткөрүп 5-11 класстардын арасында жеңүүчүлөрү тандалып, 9-11- класстын окуучуларынан шаардык деңгээлге даярдоо иштерин жүргүзүштү. Физика предмети боюнча 11-класстын окуучусу Сатышева Т., 9-класстын окуучусу Шаршенбекова Э. Алгебра сабагынан 10-классынын окуучусу Жанарбекова Б., 9-класстын окуучусу Маматкаримова Д. Шаардык олимпиадага катышып келишти.

Так илимдер усулдук бирикмесинин декадасында физика мугалими Алибаева А., математика Эргешова А., информатика мугалими Бечелова С. жана Бекназарова М. ачык сабактарды өтүштү. Тажрыйба алмашуу максатында ар бир мугалим башка мугалимдердин сабактарына катышып жатышты. ЖРТга даярдыктар кызуу журуп жатты. Бүтүрүүчү класстар экзаменге даярданып жатышты. Бирикменин мүчөлөрүнүн жылдык алып барган иштери канааттандыраарлык деп табылды.

УБ жетекчиси: Эргешова А.